**23-Сентябрь Кыргыз тили майрамына арналган иш-чаранын сценарийи:**

Саламатс ыздарбы кымбатуу С. Турсунов Бишкек агро-экономикалык колледжинин мугалимдери жана биздин сүйүктүү студенттер. Сиздерди бүгүнкү Кыргыз тил күнү майрамыңыздар менен чын жүрөктөн куттуктайбыз жана бүгүнкү күнгө арналган.

Кыргыз тил – улуттун жүзү аттуу, майрамдык кечебизди ачык деп жарыялоого уруксаат этиңиздер.

Тилди сүйүү, билүү, жана өз тилинде сүйлөө, тарыхыңды жана өзүңдү урматоого барабар. Биз бүгүн ыр саптар, макал лакаптар, сахналаштырылган көрүнүштөр, жана оюндар, аркылуу кыргыз тилин даңазалайбыз.

Тили бар эл – тирүү эл – дегендей.

Назарыныздарда кыргыз республикасынын гимни жаңырмакчы
Азыр куттуктоо сөз берилет БАЭКтин диретору  Омбаева Н. Р. жана тарбиялык иштер боюнча жетекчиси Токтобекова Р. Н. (10 мин.)

Кыргыз тилибизди сактап, ар дайым көкүрөккө кагып, сыймыктанып, мактанып сүйлөй тургандар көп болсун деген ураан менен.

Анда эмесе

Алдыңыздарга кымча бел кыздарыбызды кыргыз бийи менен чакырып кетсек, кол чабуулар менен 1 – эконом жана 1 – вет тайпасынын студент кыздарын тосуп алыныздар.

**1.Кыргыз бийи кетти.**

Улуу Манас чон казатка баштакаган .
Биз урпагы жоодон кайра кайтпаган.
Эркиндиктин жаңы доордун тушунда.
Кыргыз элим бүркүтүндөй таптаган деген кооз саптар менен алдыныздарга манасчы студентибизди чакырып койсок. Алиев Бакытбек 2 – Вет Б тайпасынны студенти.

Элибиздин ыйык мурасы болгон кыргыз тилибизди сактайлы, барктайлы, даңктайлы.

Кыргыз эли эне тилди сактайлы,
Колдон келсе болушунча  барктайлы
Бөтөнчөлөп көп улуттун тилинен
Бүт дүйнөгө кыргыз тилин даңктайлы

**2. Муз номер “Из калтыр “** Муратбекова Нурай, 1 – эконом тайпасынын студенти

Бирге жүрөм, эне тилин кадырлайм
Бул тил менен иштейм сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди жандай жакшы көрсөм да
Эне тилин сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

“Кыргыз тили” атту ырды корком окуп берууго 2 – эконом Б тайпасынын студенти Сулайманкулова Нуржанат.

Мекен тили Ата – журттун кареги,
Биримдиги күч кубаттын тиреги
Мекен тили кутту кыргыз элимдин
Көкүрөккө согуп турган жүрөгү.

**3. Сценка:** Студентерибиз кыргыз тили канча кыйынчылык көрсө да жоголбойт, сакталат деген көрүнүштө сценка тартуулашат (10мин)

1 – эконом, 2 – эконом а тайпасынын жана 2 – агро тайпасынын студенттеринин откоруусундо болмокчу.

Анда эмесе кезекти оюн – зоок болугуно берсек.

**4. Макал – айтуу.** (10мин).

Жакшы кыз жакадагы кундуз
Жакшы уул асмандагы жылдыз.

Билимдүү миңди жыгат,
Билеги күчтүү бирди жыгат.

Китеп билим булагы
Илим акыл куралы.

Тил жоголсо улут жоголот.

Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың.

Жакшыга жанаш, жамандан адаш.

Ат адамдын канаты.

Жакшы тилек жарым ырыс.

Энесин көрүп кызын ал.
Эшигин коруп, торуно от.

Акылдуу бала элпек.
Акылсыз бала тентек.

Пил көтөрбөгөндү, тил көтөрөт.

Толубайың сындаган тил
Арстанбек ырдагаң тил
Манас бабам сүйлөгөн тил
22 кылым бою
Кыргызды алга сүйрөгөн тил.

2 – эконом А 2 – эконом Б тайпаларынынстуденттери.

Кыргыз тил жөнүндө 4 сап ырлары менен студенттерибизди жана сүйүктүү мугалимибиз Тамара Алексеевнаны чакырабыз. (10мин).

Эне тилим эчен кылым карыткан
Эч ким аны кетире албайт тарыхтан.

**Муз.номер: Санат ыры. (Азима).** (5мин)

Тилден артык түбөлүктүү, тилден артык өнөр жок демекчи, эстафета тапшыруу аземине конулунуздорду бурсак. Бухгалтердик болум башчысы Топонова В. Ш. Жана Сут азыктарынын технологиясы болумунун башчысы Артыкбаева А. А. Чакырабыз (3мин)

Мекен тилиң ыйык тутуп сактайлы
Мекен тили бак таалайдын кутманы
Мекен тили кан жаныбыз туyyбуз
Ата журттун келечеги ак таңы. (5мин)

Ушу менен бүгүнкү кыргыз тилине арналган майрамдык кечебизди жабык деп жарыялайбыз, көрүшкөнчө сак саламатта туруңуздар.

Сабырдин Турсунов атындагы Бишкек агроэкономикалык колледжи.

Иш чаранын темасы « **Илимге өрнөктүү өмүрүн арнаган инсан - Сабирдин Турсунов»**

Откоруу куну: 23- октябрь 2025 – жыл.

Убактысы: 13.00.

Орду : Китепкана

Максаты: Сабырдин Турсунович Турсунов (1930ж- 1990ж) Айыл чарба илимдеринин кандиданты,Кыргыз ССРнин эт- сут ондуруштук министри,Кыргыз ССРинин айыл чарба министри, СССР министрлер кенешинин алдындагы Кыргыз ССРинин туруктуу окулу,белгилуу мамлекеттик ишмер жана илипоз озунун басып откон байсалдуу омур жолунун урунттуу окуялары, орноктуу мисалдары менен кызыктуу баяндалган иш чара.

Катышуучулар:

1. С. Турсуновдун жакын туугандарынын окулдору.
2. "Жениш туусу" райондук газетасынын редактору.
3. БАЭКдин окутуучулары
4. БАЭКдин студенттери.
5.

" **Илимге өмүрүн арнаган инсан- Сабирдин Турсунов»**

аттуу аталышындагы Сабырдин Турсуновдун эмгек ишмердуулугуно арналган иш чаранын программасы.

1.Иш чаранын ачылышы.Тарбия иштери боюнча жетекчи Токтобекова Р.Н.

2.КРнын Гимни.

3.Келген коноктор менен таашыштыруу

3. БАЭКдин директору Омбаева Н.Р. соз берилет

4.С. Турсуновдун жакын туугандарын соз берилет.

5.С. Турсуновдун омур баяны, ишмердуулугу жонундо баян.

6. Маданий болук

- Корком окуу.